КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

Жергиликтүү кеңешинин

ТОКТОМУ

“27” 10 2026-ж №207 **Кызыл-Суу айылы**

Айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүгүнө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 12-октябрындагы №775 тескемеси менен бекитилген жер салыгынын жоготуулары үчүн келип түшкөн 2215 000 сомго көбөйтүп берүү жөнүндө.

Жергиликтүү бюджеттин кирешелер бөлүгүнө жер салыгынын жоготууларынын келип түшкөн ачка каражатын туура пайдалануу жана бул маселе боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновдун сунушун ар тараптан карап чыгып, талкуулап жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат.**

1.Айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүгү 2215000 (эки миллион эки жүз он беш миң) сомго көбөйтүлсүн.

2.Кыргыз Республикасынын Каржы Министрлигинин Жети-Өгүз башкармалыгынын 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүгүн 2215000 (эки миллион эки жүз он беш миң) сомго көбөйтүп берүү жагы суралсын.

3.Кызыл-Суу айылына кошумча түшкөн 2215000 (эки миллион эки жүз он беш миң) сом акча каражатын 70629 “ЖКХ” бөлүмүнүн 22154900 “Башка кызмат көрсөтүүлөр” статьясына которулуп тиешелүү жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр аткарылсын.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Маданбековго жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновго тапшырылсын.

Төрайым **Г.Чыныбаева**